**“Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Чүй районундагы жана Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы айрым шайлоо участкаларынын даректерин өзгөртүү жөнүндө”**
**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын токтом долбооруна**
**МААЛЫМКАТ-НЕГИЗДЕМЕ**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Чүй аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 25-сентябрындагы № 13, Чүй облусунун Чүй районунун Онбир-Жылга айыл өкмөтүнө караштуу Шамшы айылынын айыл өкмөт имаратында жайгашкан № 7042 шайлоо участкасын Рысменди уулу Акмат атындагы Шамшы айылынын орто мектебине Школьная көчөсү, 1 дарегине жана Маданият айылындагы мектепте жайгашкан № 7083 шайлоо участкасын Маданият айылынын айылдык клубуна Мукаш-Ата көчөсү, 22 дарегине көчүрүү жөнүндө чечими жана Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын № 3182 участкалык шайлоо комиссиясын Светлая Поляна айылындагы Манас көчөсү 95 дарегинде жайгашкан административдик имаратынан Светлая Поляна айылынын К. Мырзаканов көчөсү, 21 дарегинде жайгашкан А. Алыбаков мектебинде жайгашкан спорттук залына которуп берүү боюнча кайрылуусу келип түшкөн.

Чүй аймактык шайлоо комиссиясынын чечими 2025-жылдын 24-сентябрындагы Онбир-жылга айыл өкмөтүнүн № 01-10/1074 кайрылуусу негизинде кабыл алынган. Себеби, Чүй облусунун Чүй районунун Онбир-Жылга айыл өкмөтүнө караштуу Маданият айылындагы мектепте жайгашкан № 7083 жана Шамшы айылынын айыл өкмөт имаратында жайгашкан № 7042 шайлоо участкаларынын имараттары оптималдаштыруудан улам тар болуп шайлоолорду өткөрүүгө ыңгайсыз экен.

№ 3182 участкалык шайлоо комиссиясынын Светлая Поляна айылындагы Манас, 95 дарегинде жайгашкан административдик имаратында жайгашкан мурунку имараты азыркы учурда тигүү цехи болуп калгандыктан ал жерде шайлоо өткөрүүгө шарт начар болууда экен.

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13-1-беренесин, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесин “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3,4,8-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 28-июлундагы № 41 токтому менен бекитилген “Шайлоо округдары менен шайлоо

участокторунун схемаларын жана чек араларын башкаруу тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, шайлоо участкаларынын даректерин өзгөртүү боюнча токтомдун долбоору сунушталат.